«Жылалды » № 8-орто мектеби

# Окуучулардын этикалык кодекси

Бекитемин

Мектеп директору: У.Эшенкулова

2021-2022-ж

**Персоналдын жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу, аларды сактоо (билим берүүнүн жана инсандын, маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын колдоочу уюштуруучулук маданияттын калыптангандыгы)**

**Окуучулардын этикалык кодекси**

1. Мектепке саат 7:45 тен кечикпей келүү физзарядкага катышуу
2. Мектепке киреер алдында бутту тазалап жууп кирүү
3. Мектепке киреер алдында чондорго жана өзүнөн кичүүлөргө
4. жол берүү
5. Себепсиз сабакты калтырбоо
6. Мектепке дайыма таза, тыкан мектеп формасы менен келүү
7. Дене тарбия сабагына спорттук кийим менен катышуу
8. Конгуроодон кийин өз ордунда олтур жана олтурган жеринди таза тыкан кармоо
9. Сабак башталаар алдында керектүү окуу куралдарын даярдоо
10. Мугалим киргенде туруп саламдашуусу
11. Партада түз олтуруп, мугалимдин айткандарын кунт коюп угуу
12. Мектепке күндөлүктү, окуу куралдарын алып келип, таза кармоо. ата-энелер тарабынан окуучуларга окуу куралдарын жетишпеген китептерин толук камсыздоо
13. Мугалимге колду көтөрүп жооп берүү же суроо берүү
14. Танапис учурунда корридордо чуркабоо, кыйкырбоо
15. Танапис убагында класста дежур окуучулар калуу
16. Сабак башталаар алдында дежур окуучулар классты сабакка даярдоо
17. Мектепте окуучулар башка улуттун балдары менен бири-бирин сыйлоо кечиримдүүлүк менен мамиледе болуусу
18. Окуучулар дайыма башка өкүлдүн балдары менен достук ынтымак биримдикте болууга үндөө
19. Өзүндөн улуулар, мугалимдер, ата-энелер менен саламдашуу
20. Мектептин айланасына, класстын ичине таштанды таштаба
21. Ашканага колду таза жууп кирүү
22. Тамактануу учурунда өзүндү адептүү алып жүрүү
23. Класстан тышкары иштерге активдүү катышуу
24. Окуучулар өздөрүн сылык, маданияттуу алып жүрүү
25. Ар бир окуучу улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо
26. Мектепте окуучулар бири - бирине туура мамиле жасоо сыйлоо кечиримдүү болуу
27. Окуучулар жаратылышты сүйүү жана коргоосу
28. Окуучуларга алкоголдук ичимдиктерин ичүүгө жана тамеки чегүүгө тыюу салуу
29. Кенже каласстын окуучуларын мектепке ата-энелердин коштоосунда алып келүү
30. Окуучулар үй-тапшырмаларды өз убагында аткарып келүүсү
31. Окуучулар мектептин инвентарларына кайдыгер мамиле кылбоо (парта, стол, доска ж.б.)
32. Окуучулардын бири бирине үстөмчүлүк кылуусуна тыюу салуу

Окуучулар этика жана журум-турум кодекси

Ар бир мектеп (башталгыч, толук жана толук эмес орто) заман талабына ылайык, коомчулуктун ар бир мүчөсүнүн керетөөсүн эске алып сапаттуу жана татыктуу билим алуусуна шарт түзүүгө умтулат.Эфективдуу билим алуу процессин уюштуруу учун окуучулар билим берүү мекемесинин статусуна жана азыркы коомчулуктун талаптарына шайкеш келуусу зарыл.Окуучулар этика жана журум-турум кодекси мектептин педагогикалык кенешмесинде өз алдынча башкаруу органдарынын (мектеп президентинин) өкүлдүрүнүн катышуусунда 5-жылдык мөөнөткө бекитилет жана мектептин бардык окуучулары тарабынан аткарылуусу зарыл.

**Кодекстин предмети жана таасир беруучу чөйрөсү:**

Кодекс өзунө окуучуларга колдонмо катары жалпы этиканын жана журум-турумдун негизги эрежелерин камтыйт.

**Кодекстин максаты:**

Кодекстин максаты окуучулардын билим алуусун татыктуу аткаруусуна өбөлгө түзүү үчүн этикалык нормаларды жана жүрүм-турум эрежелерин калыптандыруу болуп эсептелет.

**Кодекс:**

- мектептик моралды түзүүнүн негизги катары кызмат кылып, коомчулуктун билим берүү системасына карата сыйлоо мамилесин калыптандырат;

-мектеп окуучуларына өзүн башкарууда инструмент катары кызмат кылат;

-кодекстин жоболорун билүү жана аларды аткаруу окуучулардын иш-аракеттеринин жана жүрүм-турумдарынын сапатын баалоодогу критерийлердин бири болуп саналат.

**Окуучу укуктуу:**

-билим алууда мектептин бар болгон мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен өзүнүн активдуулугун көрсөтүүгө;

-класс жетекчиге, мектеп директоруна жана башка мугалим-тарбиячыларга өзүнүн көгөйлөрүн айтууга жана алардан жардам, кеңеш же жооп алууга

-озунун кадырын урматтоону талап кылууга;

-коомдук уюмдарда демилге көрсөтүүгө;

-сабактан жана мектептен тышкаркы иштерде катышууга;

Окуучулар этика жана журум-турум кодекси

Ар бир мектеп (башталгыч, толук жана толук эмес орто) заман талабына ылайык, коомчулуктун ар бир мүчөсүнүн керетөөсүн эске алып сапаттуу жана татыктуу билим алуусуна шарт түзүүгө умтулат.Эфективдуу билим алуу процессин уюштуруу учун окуучулар билим берүү мекемесинин статусуна жана азыркы коомчулуктун талаптарына шайкеш келуусу зарыл.Окуучулар этика жана журум-турум кодекси мектептин педагогикалык кеңешмесинде өз алдынча башкаруу органдарынын (мектеп президентинин) өкүлдүрүнүн катышуусунда 5-жылдык мөөнөткө бекитилет жана мектептин бардык окуучулары тарабынан аткарылуусу зарыл.

**Кодекстин предмети жана таасир беруучу чөйрөсү:**

Кодекс өзунө окуучуларга колдонмо катары жалпы этиканын жана журум-турумдун негизги эрежелерин камтыйт.

**Кодекстин максаты:**

Кодекстин максаты окуучулардын билим алуусун татыктуу аткаруусуна өбөлгө түзүү үчүн этикалык нормаларды жана жүрүм-турум эрежелерин калыптандыруу болуп эсептелет.

**Кодекс:**

- мектептик моралды түзүүнүн негизги катары кызмат кылып, коомчулуктун билим берүү системасына карата сыйлоо мамилесин калыптандырат;

-мектеп окуучуларына өзүн башкарууда инструмент катары кызмат кылат;

-кодекстин жоболорун билүү жана аларды аткаруу окуучулардын иш-аракеттеринин жана жүрүм-турумдарынын сапатын баалоодогу критерийлердин бири болуп саналат.

**Окуучу укуктуу:**

-билим алууда мектептин бар болгон мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен өзүнүн активдуулугун көрсөтүүгө;

-класс жетекчиге, мектеп директоруна жана башка мугалим-тарбиячыларга өзүнүн көгөйлөрүн айтууга жана алардан жардам, кеңеш же жооп алууга

-озунун кадырын урматтоону талап кылууга;

-коомдук уюмдарда демилге көрсөтүүгө;

-сабактан жана мектептен тышкаркы иштерде катышууга;

-мектеп коллективинин жыргалчылыгы үчүн аракеттенүүгө;

-ден соолугун сактоого жана анны бекемдөөгө кам көрүүгө, адеп-ахлах, акыл-ой, келбетин жана ан сезимин өнүктүрүүгө аракет кылууга;

-мугалим-тарбиячыларга жана мектептин башка кызматкерлерине урмат-сый көрсөтүүгө, мектеп директорунун, педагогикалык кеңешменин, мугалимдердин, ушундай эле класстык жана мектептин өз алдынча башкаруу органдарынын буйрук жана көрсөтмөлөрүнө баш ийүүгө; талаш-тартыштарды мектептин Уставында аныкталган принциптерине таянып чечүүгө;

-мектеп жамаатынын эрежелерин тутунууга, айрыкча;

-улууларга, кичүүлөргө жана теңтуштарын сыйлоого;

-орой жана уятсыз каршылык көрсөтүүгө;

-башка адамдын көз карашын жана ишенимин сыйлоого;

-башка адамдын эркиндигин жана абийрин сыйлоого;

-мектептин Уставындагы талаптарды аткарууга;

-тамеки тартпоого, спирт ичимдиктерин ичпөөгө, наркотиктерди жана башка баңги заттарды колдонбоого;

-ар кандай диний агымдарга кирбөөгө;

**Окуучулардын жүрүм туруму**

**Сабакта**

-Сабакка кирүү коңгуроосу менен окуучулар партада өз ордуларын ээлеп, сабакка керектелүүчү нерселерди даярдоосу абзел;

-Мугалимдин класска кирүүсү менен окуучулар өз ордуларына саламдашуу максатында турат жана мугалим саламдашып бүтүп, отурууга уруксат берген соң гана отурушат жана сабак аягында мугалимдин уруксаты менен чыгышат;

-Сабак учурунда класска кирип келген чоң адамдарды тосуп алуу да жогоруду айтылган жол менен ишке ашат;

-Нөөмөтчүлөр классты жана ар бир сабакка керектелүүчү жабдыктарды даярдоого жана мугалимге сабакка келбеген окуучулар жөнүндө маалымат берүүгө милдеттүү;

-Окуучулардын эсинде болушу керек, мугалим сабакты класс абсолюттуу түрдө таза жана сабакка керектелүүчү жабдыктар (бор, сурткуч) даяр болгон мезгилде гана баштайт;

-ар бир окуучу класстагы, кабинеттеги, устаканадагы тазалыкка, өзү отурган жеринин иреттүүлүгүнө жана жарактуу абалда сакталышына жооптуу;

- партада ашыкча буюмдар болбоосу керек, сабакка тиешелүү окуу куралдары гана болуусу зарыл;

-сабак учурунда окуучу бүкүрөйбөй жана чалкалабай отурушу керек;

-сабак учурунда чуулдоого, сабакка тиешеси жок кеп, оюн жана башка иш чаралар менен өзү жана жолдошторун алаксытууга тыюу салынат.Сабакка берилген убакыт билим алууга гана пайдаланышы керек;

-окуучу суроо берүү жана суроого жооп беру учун кол көторуусу зарыл;

-окуучу жооп беруу учун доскага чыгуусу керек жана алган баасын кундолукторуно койдуруу;

-мугалимдин уруксатысыз окуучуларга курбуларынын жообун ондоого, шыбырап айтып беруусуно тыю салынат;

-тартип бузуп, сабактан чыгарылган окуучулар класс жетекчисине, мектептин директоруна же анын орун басарына жонотулот (сабак учуранда коридордо журууго уруксат берилбейт)

-сабак учурунда мугалимдин уруксатысыз мектептен жана мектептин аймагынан кетууго жол берилбейт.Эгерде окуучуга сабак учурунда класстан чыгуу зарыл болсо, кол көторуп мугалимден уруксат сурашы зарыл;

-Сабактан чыгуу коңгуроосу мугалим үчүн берилет. Сабактын бүткөндүгүн мугалим маалымдаган соң гана окуучу класстан чыгып кетүүсү мумкун. Мугалимдин же чоң адамдын класстан чыгып бараткан учурунда окуучулар ордуларынан туруп узатышат;

-дептердин барагын жулууга жана колдонуп жаткан дептер тоугу менен иштетилип буто элек жаны дептер ачууга (эгер окучу жазуу дептерин кир абалда же айрылган абалда болсо жаны дептер ачылат) жана бир нече предметтен бир дептерге жазууга тыю салынат;

-окуучунун кундолугундогу жазууларын сабаттуу жана таза болушу керек. Жуманын сонунда окучу кундолукту ата-энесине кол койууга жана класс жетекчинин текшерүүсүнө берүүгө милдеттүү

Танаписteги жүрүш-турушу:

- мектеп имаратынын ичинде танапис убагында окуучу өзүн тынч, тартиптүү алып жүрүүгө милдеттүү;
- коридор жана тепкичтерде жолдун оң жагында жүрүү шарт;
- сылык болуу, улуу адамдар жана балдар менен саламдашуу;
- мектепке кирүү жана чыгууда башкаларды түртпөө, алдыга улууларды жана кыздарды коё берүү;
- танаписте класста кезек кайтаруучу гана калып, имаратты салкындатып, классты иретке келтирет;
- танаписте, сабактан уруксаат суранбаш үчүн даараtkанага баруу керек, ал жерде тыкан болуп, колун милдеттүү түрдө жууш керек.

Мектеп буюмдарынын жана китептердин сакталышы:

- бардык окуучулар мектеп буюмдарын сактоого милдеттүү, өз буюмдарына этияттык менен мамиле кылуусу зарыл;
- окуучунун күнөөсү менен буюмдар бузулса, ата-энелери толугу менен ордуна коюсу, же түзөтүүсү керек;
- окуучулар жашыл дарактарды отургузууга, сактоого, эгерде мектепке зыян келтирилсе, ордуна келтирүүгө милдеттүү;
- окуу куралдары, китептер, окуучулардын күндөлүктөрү тыкандыкта болуусу керек;
- бүт окуучулар окуу куралдарын сактоосу керек. Ар бир китепте арасына салынуучу тасмасы болуш керек. Барактарды жулуп же бүктөбөш керек, китепке жазууга, же сүрөт тартууга болбойт.

Жүрүш-туруш маданиятына карата талаптар:

- баары менен сый-урматта, жайдары болуу;
- улуулар менен сүйлөшүп жатканда колун чөнтөгүнө салбоо, өзүн түз кармоо;
- балдар менен саламдашканда, алардын аты-жөнүн айтуу;
- тазалык жана тартипти сактоо, абдан маанилүүсү - булгабоо;
- улууларга, жолдошторуна жардам берүү. Жардам суроону гана күтпөстөн, тегерегиндегилерге көңүл буруп кароо;
- тыкан, жыйнактуу болуу милдети, бети, колунун тазалыгын сактоо, чач жасалгасына, кийиминин, бут кийиминин тазалыгына көңүл буруу.

Массалык иш-чаралардагы окуучулардын жүрүш-туруштары:

- мектепте өтүлүүчү майрамдарга кооз кийинип, жыйнактуу, тыкан чач жасалгасы менен так убактысында келиш керек;
- залда түртүшпөй, баарынан алдыга чуркабай, талашпай өз ордуна отуруш керек;
- майрам башталганга чейин акырын сүйлөп, күтүш керек. Башталышы жөнүндө айтылаар замат сүйлөшкөндү токтотуу керек;
- иш-чара убагында сүйлөшкөнгө, тегерегиндегилерге тоскоолдук кылууга, бир орундан экинчи орунга өтүүгө, ищ-чара бүткөнгө чейин таштап чыгып кетүүгө тыюу салынат;

- улуу адамдар кирсе, орун таап берүү керек.

Ашканадагы жүрүш-турушка карата талаптар:

- ашканага өз классындагы окуучулар менен уюштуруучулук жана тынч жагдайда баруу;
- ашканада жүрүш-туруш маданиятына карата өзүн алып жүрүү;
- тамак-аштарды кезек менен алуу;
- нан жана башка тамак-аштарга этияттык менен мамиле кылуу;
- ысык жана суюк тамак-аштарды алууда жана колдонууда этияттык, көңүл коюп мамиле кылуу;
- тамактангандан кийин колдонгон идиш-аяктарды чогултуп, атайын столго алып барып коюу.